

**Джаилова Асель Джумабековна 1991-жылдын 13-мартында Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында туулган, экономика илимдеринин кандидаты, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин Инновациялык экономика илимизилдөө институтунун директорунун орун басары.**

2013-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын «Финансы жана кредит» адистиги боюнча артыкчылык диплому менен аяктаган. 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында Ханс Зайдель атындагы Фонддун «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» багыты боюнча магистратурасын аяктаган. 2013-2017-жылдары М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин аспирантурасын аяктап, 2017-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2018-жылы М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинде «Эл аралык экономикалык талаш-тартыштарды чечүүнүн заманбап механизмдери» программасы боюнча окууну аяктаган. 2018жылдан азыркы учурга чейин М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде докторантурада окуйт.

РИНЦ, УАК КР, ВАК РФ, Web of Science, Scopus маалымат базасына кирген 27ден ашык илимий эмгектин, 2 жамааттык монографиянын автору. Ал 40тан ашык эл аралык конференцияларга, анын ичинде Summit of the Future 2024 (Нью-Йорк, АКШ), БУУнун Климаттын өзгөрүшү боюнча конференциясы - COP29 (Баку, Азербайджан) катышкан.[1]

https://www.instagram.com/aselln__/profilecard/?igsh=MXNlcmxxb3RpMzN6bw

[1] *Сынакка катышкан учурдагы маалыматтар